DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Усупов М.У.

ТОКТОГУЛ СУУ САКТАГЫЧЫНЫН АЛКАГЫНДА ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК БАШКАРУУСУНУН НЕГИЗДЕРИ

Усупов М.У.

ОСНОВЫ ЭКОНОМИЧЕСКОГО УПРАВЛЕНИЯ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ В РАМКАХ ТОКТОГУЛЬСКОГО ВОДОХРАНИЛИЩА

M.U. Usupov

FUNDAMENTALS OF ECONOMIC MANAGEMENT OF NATURAL RESOURCES USE WITHIN THE TOKTOGUL RESERVOIR

УДК: 338(575.2):658.26:627.814

Бул макалада Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагыч аймагына кирген райондордо жаратылыш ресурстарын пайдалануунун экономикалык жагдайлары каралды. Кыргыз мамлекетинин калыптанышында алакалашуу зор мааниге ээ. Өлкө мындан ары эл колдоого алган так аныкталган максаттуу багыттарсыз өнүгө албайт, коом калктын көпчүлүгү колдоого алган дөөлөттөрсүз туруктуу боло албайт, бүгүнкү күндө Кыргызстан келечекти алдынала көрө билүүнү чагылдырган, беш жылдык мезгилде өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги багыттарын көрсөткөн стратегиялык документке өтө муктаж болуп турат. Кыргызстандыктардын дүйнөгө көз карашы менен табигый түрдө айкалышып жана өлкөнүн өнүгүшүнүн өткөн тарыхый мезгилинде топтолгон билим жана тажрыйбаны пайдалануу жол ачкан максатты аныктоо маанилүү. Максатка карай илгерилөө жигердүү кыргызстандыктардын басымдуу көпчүлүгүнө түшүнүктүү жана пайдалуу болууга тийиш, алардын жеке жана корпорациялык пландары жана таламдары менен айкалышып жана ал пландарды жүзөгө ашырууга жардам бериши керек.

Негизги сөздөр: *экономика, башкаруу, суу сактагыч, энергетика, аймак, багыт, максат, мезгил, алакалашуу, реформа.*

В статье исследуется экономическая ситуация с использованием природных ресурсов в районах Токтогульского водохранилища Кыргызской Республики. Взаимодействие имеет большое значение в становлении кыргызского государства. Страна не сможет развиваться без четко определенных целей, поддерживаемых народом, общество не будет устойчивым без ценностей, поддерживаемых большинством населения. Сегодня Кыргызстан остро нуждается в стратегическом документе. Важно определить цель, которая позволяет кыргызстанцам естественным образом сочетать мировоззрение и использовать знания и опыт, накопленные в прошлый исторический период развития страны. Продвижение к цели должно быть ясным и полезным для подавляющего большинства активных кыргызстанцев, в сочетании с их личными и корпоративными планами и интересами, и должно помогать им в реализации этих планов.

Ключевые слова: *экономика, управление, резервуар, энергетика, регион, направление, цель, период, взаимодействие, реформа.*

The article examines the economic situation with the use of natural resources in the regions of the Toktogul reservoir of the Kyrgyz Republic. Interaction is of great importance in the formation of the Kyrgyz state. The country will not be able to develop without clearly defined goals supported by the people, society will not be sustainable without the values supported by the majority of the population. Today Kyrgyzstan is in dire need of a strategic document. It is important to define a goal that allows the Kyrgyz people to naturally combine their worldview and use the knowledge and experience accumulated in the past historical period of the country's development. Progress towards the goal should be clear and useful for the overwhelming majority of active Kyrgyzstanis, in combination with their personal and corporate plans and interests, and should help them in the implementation of these plans.

Key words: *economy, management, reservoir, energy, region, direction, goal, period, interaction, reform.*

Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагычынын алкагында маанилүү экономикалык орунду ээлеген жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн бул өзгөчө мааниге ээ, себеби өлкөдө жүргүзүлүп жаткан реформанын ийгилиги, суу-энергетика тармагын пайдалануу, айыл чарбанын агро өнөр жай комплекси жана аны менен кайчылаш тармактардын жалпы абалы жаратылыш ресурстарын пайдалануунга байланыштуу. Бул республиканын калкынын 20%дан

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

ашыгы Токтогул суу сактагычынын зонасына кирген айыл жеринде жашашы жана өлкөнүн продукциясынын маанилүү бөлүгүн алар өндүрүшкөндүгү менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан, жаратылыш ресурстарын пайдалануу, экономикада жүргүзүлүп жаткан реформанын көйгөйлөрүн окумуштуулар менен практиктер ар тараптуу терең изилдөөгө өзгөчө көңүлдөрүн бөлүүдө. Жаратылыш ресурстарын пайдалануу багытындагы реформанын негизги максаты, менчик мамилелерин өзгөртүп, чарба иш-аракеттерин жүргүзүүнү натыйжалуу өнүктүрүүчү жаңы формаларын түзүү болуп саналат.

Мурдагы план түрүндө жүргүзүлүүчү экономика калкты азык-түлүк менен камсыз кылууда, белгилүү бир ийгиликтерге жетишкендигине карабастан, иш жүзүндө мамлекеттик менчиктин басымдуу болушу жана административдик системанын үстөмдүгү, социалисттик өндүрүш мамилелери бузулуп, өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө чоң зыян келтирген. Ошондой эле карыздардан сазынан чыгып, рентабелдүү иштөө мүмкүнчүлүгүн түзүүгө ишенбестикти жараткан. Мына ошондуктан, мурдагы союздун курамына кирген республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда да эгемендүүлүкө ээ болгондон баштап, экономиканын менчик мамилелеринде, чарба ишин жүргүзүүнүн формаларында жана методдорунда, жалпысынан айтканда, экономикалык мамилелердин бүткүл комплексинде терең өзгөртүүлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу рынок экономикасынын мамилелерин өздөштүрүүгө багыт алынган. Анын өлкөдө толугу менен орношу үчүн коомдук түзүлүштүн трансформациясы жүрүүдө. Алсак, 1991-жылдан баштап Кыргызстандын жаратылыш ресурстарын пайдалануу мамлекетке, колхоз жана совхоздорго тиешелүү мүлктү жеке менчиктештирип, экономиканын жаңы мамилелерине ылайык өзгөртүүгө багытталган реформаны жүргүзүүнүн натыйжасында менчик жана чарба ишин жүргүзүүнүн ар түрдүү формаларына негизделген көп тармактуу экономика орун алып, менчик формаларында жана укук негиздеринде маанилүү өзгөрүүлөр болду. Адамдардын аң-сезимдеринде позитивдүү жылыштар байкалды [1].

Ушуну менен бирге өлкөдө жүргүзүлүп келинген реформаларга объективдүү экономикалык мыйзамдардын таасир этишине анча маани берилбей, субъективизмдин жана административдештирүүнүн биринчи орунга коюлуп келгендиги, реформанын стратегиясын ишке ашыруу боюнча илимий негизде кылдаттык менен ойлонуштурулган, так программанын болбогондугу, мурдагы союздун курамындагы республикалар менен болгон чарба байланыштарынын үзүлүшүнө байланыштуу, материалдык жана техникалык ресурстардын келбей калышы, экономиканын туруксуздугу – жаратылыш ресурстарын пайдалануу, кайра иштеп чыгуу жана чарба өндүрүшүн өтө оор экономикалык жана социалдык кырдаалга алып келди. Андыктан, Токтогул суу сактагычынын шарттуу алганда карамагына (зонасына) кирген жаратылыш ресурстарын пайдалануу жергиликтүү чарба өндүрүшүнүн учурдагы өнүгүшүнө объективтүү баа берип, аны андан ары өнүктүрүү стратегиясынын негизги багыттарын келечекке аныктап, жаратылыш ресурстарын пайдалануу комплексинде илимий техникалык прогресстин, менежменттин, маркетингдин азыркы жетишкендиктерин ишке киргизүү жана натыйжалуу иштеген жаңы мамиле түзүлүштөрүн түзүп, алардын иш-аракеттеринин экономикалык механизмин өркүндөтүү азыркы учурдун актуалдуу маселелеринин бири.

Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагычынын аймагына Жалал-Абад облусунун Токтогул, Аксы, Ала-Бука, Ноокен, Чаткал райондору жана Токтогул, Кара-Көл, Таш-Көмүр жана Шамалды-Сай шаарлары кирет. Токтогул району өлкөнүн энергиясынын 80% камтыган эң чоң гидроэнергиянын борбору ушул аймакта жайгашкан. Аймакта көп сандаган кен байлыгы жана гидроэнергия бар. Аксы району же Аксы кент - Жазма даректерде, элдин айтымында Чаткал тоосунун эки тарабындагы өрөөндөр Аксы (Фергана өрөөнү), Талас болуп экиге бөлүнөт. Наманган-дын түштүк-батышында орун алган орто кылымдагы шаардын урандысы Аксы кент (аксылыктардын шаары) деген ат менен тарыхта белгилүү. «Мажму-ат-таварих» аттуу китептин автору Аксы кенттик Сайф ад-Дин молдо да ушул шаарда жашап өткөн. Эпосто эзелтен кыргыздар жашаган чөлкөм катары бир катар эпизоддордо эскерилет. Географиялык реалияда Жалал-Абад облусунун түндүк-батышында жайгашкан аймак (азыркы Аксы району). Түштүгүнөн жана түштүк-батышынан Өзбек республикасы, батышынан Ала-Бука, түндүк-батышынан Чаткал, түндүк-чыгышынан Токтогул, чыгышынан Ноокен райондору менен чектешет [2].

Ала-Бука жана Чаткал райондору - Жалал-Абад облусунун батыш бөлүгүн ээлейт. 1937-ж. апрелде, Кызыл-Жар районунан бөлүнүп, өзүнчө район болуп уюшулган. 1956-ж., ага Чаткал району кошулган. 1963-ж. Жаңы-Жол (Аксы) району менен биригип, 1969-ж. кайра бөлүнгөн. 1980-ж. Чаткал району андан бөлүнүп кеткен. Бул райондор түндүгүнөн жана чы-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

гышынан Аксы району, батышынан Өзбекстан Республикасынын Наманган облусу менен чектешет. Аянты 5 миң км^2. Калкы 120 миң (2018-ж.). Райондордо 60 кыштак, 12 айыл өкмөтү бар. Райондордун аймагы көбүнчө Чаткал кырка тоосунун түштүк-чыгыш тармактарын жана анын этегиндеги адырларды ээлейт. Рельефи негизинен тоолуу. Чаткал кырка тоосунун капталдарынан түстүү жана сейрек кездешүүчү металл кендери ачылган. Сумсар жана Кабасай кендеринин мааниси зор. Курулуш материалдарына да бай.

Токтогул суу сактагычынын аймагына жаратылышы жана климаттык шарттары анын географиялык абалы менен аныкталган. Ал аймактын территориясынын көпчүлүк бөлүгү мелүүн климат зонасынын чегинде жайгашкан жана түштүк бөлүгүн гана субтропикалык зонага киргизсе болот. Токтогул суу сактагычынын аймагына кирген территориялар суу ресурстарынан жакындыгы, ошондой эле чөлдөрдөн алыстыгы – бул факторлордун негизинде, климатты континенталдык дешип аташат. Жылдын мезгилдеринин чукул сезондугу да бар. Рельефтин чоң айырмачылыгы жана Токтогул көлдүн бардыгы үчүн, климат чукул континенталдыктан деңиз климатына чейин өзгөрөт. Бир жылда орточо 247 күн тийген күндөр болот. Жайында тоолордо эртең менен күн тийет, түштөн кийин туман түшөт, кееде жамгыр жаайт. Төмөнкү жактарда температура январда -4^0/-6^{0}С өзгөрөт июлда 16- 24°С чейин өзгөрөт. Бийик тоолуу жерлерде январда -14°/- 20°С июлда 8 - 12°С чейин. Кыш үчүн катуу карлар түшүү мүнөздүү.

Токтогул суу сактагычка кирген аймактын 75% тоолуу район болуп саналат жана деңиз деңгээлинен 1000 метр бийик жайгашкан, а 40,8% - 3000 метрден бийик. Бирок, бул аймактын 60% территориясы айыл чарбасын жүргүзгөнгө ыңгайлашкан. Деңиз деңгээлинен орточо бийиктик - 2750 метр, эң чоң бийиктик - 4439 м, эң кичине бийиктик - 401,0 м.

Токтогул суу сактагычка кирген аймактын жаратылышынын, климаттык шарттарынын жана тоолуу ландшафтынын ар түрдүүлүгү төрт жаратылыш-климатикалык пояса биригиши мүмкүн:

1. Өрөөндү - тоо алдындагы алкак (900- 1200 м чейин) ыссык жай менен мүнөздөлөт, мелүүн салкын жана карсыз кыш, жаан-чачындын аз болушу. Чогултулган ыссык температуранын суммасы бул пояста 3600-4900^0 С.

2. Орто тоолуу алкак (900-1200 мден 2000-2200 м чейин) мелүүн климат ыссык нымдуу жайында жана мелүүн суук, кардуу кыш. Чогултулган ысык температуранын суммасы бул пояста 2700-4000^0 С.

3. Бийик тоолуу алкак (2000-2200 мден 3000 м чейин) салкын жай жана суук, кээ бир жерлерде көп кардуу кыш. Июлда температура бул жерде болгону 11-16^{0}С. Кыш созулган (ноябрь – март), январдагы температура 8-10^{0}С суук, калган суук айлар 3-7^{0}С нөлдөн төмөн. Бийик тоолуу поястын жогорку бөлүгүндө сууксуз мезгил 3-4 айга кыскарат, эң ыссык жай айлары да сууксуз боло албайт. Чогултулган ыссык температуранын суммасы бул алкакта 600 – 2600^0 С.

4. Нивальный алкак (3000 м жана андан бийик) катаал, аябай суук климаты менен бул карлардын, аскалардын, мөңгүлөрдүн алкагы, нымдардын аккумуляция алкагы. Бул алкактын төмөнкү бөлүгүндө орточо июлдун температурасы 4-7^{0}С ашпайт, январь айында 19-22^{0}С чейин суук болот. Чогултулган ыссык температуранын суммасы бул пояста 600-800^0 С ашпайт [3].

Токтогул суу сактагычка кирген аймактын экономикалык өнүгүүсү, анын потенциалы, туруктуулугу жана азыркы мезгилдеги дүйнөдөгү орду экономикалык деңгээли менен аныкталат. Жаратылыш ресурстарын пайдалануда айдоого жарамдуу семиз жерлер, алардын жер кыртышынын мелиоративдик абалы жана колдонушу, агротехниканын денгээли, механизациясы, башкаруу формасы жана уюштуруу, калктын саны боюнча маалыматтар жогорку мааниси бар. Ушулардын кайсы бирине жаңы нерсени киргизүү инновацияны билдирет. Акыркы мезгилде Токтогул суу сактагычка кирген аймактын жаратылыш ресурстарын пайдалануу табияттын күч жыйындысы аркылуу караганда катуу төмөндөп баратат. Эмгек жана капиталдык ресурстарын пайдалануу да төмөндөөдө. Талдоо көрсөткөндөй мындай көрүнүштүн негизги себеби төмөнкүлөр: сугаруунун жоктугу, суу жеткируу тармагынын бузуктугу, жердин шордуулугу жана саз болуусу, техниканын, күйүүчү майлардын жана себүү материалдарынын жетишсиздиги. Эгерде түбүнөн бери алып караганда, мунун баары биринчиден ойлонбостон жерди жеке менчик формасына өткөндүгүнө байланыштуу, базар жана аралаш түрдөгү экономикалык системага өтүү шартында, ири товардын ордуна, чарбачылыкта нукура же майда товарлар формасына алып келди (тактап айтканда патриалхалдык формага). Өткөн кылымдын 90 жылдарында жер реформасын өткөрүүдө мамлекеттин башкаруу органдары толугу менен жоопкерчиликсиздикти жана билимсиздикти көрсөтүштү. Андан тышкары, кийинкисинде алар себүүгө жарамдуу аянттарды менчик үйлөрдү салгандарга таркатышкан.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Таблица 1

Токтогул суу сактагычка кирген аймактын Айдоо аянтарын пайдалануунун деңгээли

	2014	2015	2016	2017	2018	2019
Калктын саны, миң адам	1077,7	1128,1	1192,8	1259,6	1252,3	1196,5
Айдоо аянты, га	1160,3	1169,6	1145,7	1159,2	1166,2	1172,2
Айдоо аянты 1 кишиге эсептелгенде, га	0,1	0,1	0,1	0,1	0,1	0,1

Булак: *Автор сунуштады.*

Ушул жылдар бою, жаратылыш ресурстарын пайдаланып илимге негизделген уюштуруу жана эл чарба өндүрүшүн башкаруу стратегиясы жоктугуна карабастан, мамлекет агрардык секторду колдомуш болуп келген. Бул сектор чынында толугу менен башкаруу формасын жоготкон жана эн башкысы – капиталдык салымды жоготкон. Эмгек ресурстары «бакытын» чет жактан издөөгө мажбур болушкан. Натыйжада, жаратылыш ресурсу болгон жерден алынган азык-түлүк көрсөткүчтөрүнүнүн денгээли жогору эмес.

Таблица 2

Токтогул суу сактагычка кирген аймакта бир жылда калктын адам башына эсептегенде өндүрүлгөн негизги айыл чарба продуктулары, кг

	2014	2015	2016	2017	2018	2019
Дан (иштетилгенден кийинки салмакта)	286,3	376,2	305,0	300,5	268,7	251,3
Эт (союлуучу салмакта)	35,0	36,2	36,2	36,2	35,9	32,7
Чийки сүт	241,2	256,4	261,9	258,2	258,2	247,4
Жумуртка, даана	70,0	72,0	71,8	74,7	78,1	76,2
Картошка	252,9	271,7	257,9	262,0	245,3	238,0
Жашылча	155,9	162,3	156,4	156,1	161,8	154,2
Мөмө-жемиш	35,1	39,1	37,2	40,9	41,6	40,8

Булак: *Автор сунуштады.*

Дүйнөлүк азык-түлүк кризисинин өнүгүүсүнө байланыштуу, алынган азык-түлүк камсыздоо көйгөйү жана Токтогул суу сактагычка кирген аймактын агрардык секторунун туруктуу өнүгүүсү өзгөчө курчуп кетти. Бул тенденция жалпы Кыргызстанга тиешелүү десек болот. Өнүккөн мамлекеттердей эле, экономикасы өтмө убакытта көптөгөн башка өлкөлөр ички саясатын түп-тамырынан баштап карап чыгышууда, ушул пунктту өзөгүн азык-түлүктүн экспорттун көзөмөлдөөнүн күчөгөнү жана ички рынокту биринчи камсыздоосу. Кыргызстан үчүн бул шарттарда, ички азык-түлүк рыногу 50% ашыгы азык-түлүктү импорттоп жеткирүү менен калыптанат, туруктуу жана бир калыпта өзүбүздүн агро азык-түлүк секторун өнүгүүсүн камсыздоо, турмуштун керектүү артыкчылыгы болуп барат. Айыл чарба жана агро азык-түлүк сектору иш жүзүндө жалпысынан стратегиялык маанилүү тармак болуусу зарыл, анын продукциясы мамлекеттин стратегиялык ресурсунун маанилүү элементин түзүшү керек. Көз карандысыз мамлекеттин шартында азык-түлүк камсыздоо жалпы алгалоо процессинин бир бөлүгү болуп келет, 2014-2019 жылга чейин импорттун өнүгүүсү: буудай - 91,9%, ун - 2,0 эсе ойдо, кумшекер - 10%, жаныбар жана өсүмдүк майлары - 2,1 эсе, эт - 4,9 эсеге чейин өстү, тактап айтканда өзүнчө азык-түлүктөрүнүн түрүн өндүрүүсүнүн өнүгүү темпи, алардын импортун өнүктүрүү темпинен төмөн болду (2-табл.).

Токтогул суу сактагычка кирген аймакта жаратылыш ресурстарын пайдалануу реформалоонун жыйынтыгында көп укладдуу экономика пайда болду десек болот. Көбүнчө майда дыйкан жана калктын жеке кошумча чарба сектору айрыкчы өнүктү, алар айыл чарба тармактын 96% продукциясын өндүрүшөт. Кластеризациялоо процесси, кооперация менен интеграция агро өнөр жай секторунда начар өнүгүүдө, ошондуктан азык-түлүк өндүрүшүндө орто жана чоң товардык өндүрүүнүн үлүшү төмөнкү. Негизи, көп майда дыйкан чарбалары финансылык жана материалдык-техникалык кыйын абалда.

Рыноктук финансы жана сервистик институттар жакшы өнүгө алышпады, аны айыл-чарба товар өндүрүүчүлөр үчүн көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн эффективдүүлүгү жана көлөмү көрсөтүп жатат. Агроөндүрүштүк комплексиндеги байланышкан тармактардын өнүгүүсүндө теңсиздик байкалат. Кээ бир соода-сатык компаниялардын монополиясы, бактылуу акча кы-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

зыкчылыгын аркалап, кайра иштетүү ишканаларынын өнүкпөй калуусуна, айыл-чарба продукциясынын чийки зат түрүндө экспорттунун өсүшүнө жана азык-түлүктүн импорттолушуна алып келет. Мамлекет көзөмөлдөө процессине жана экономиканын азык-түлүк секторун колдоого аз катышат. Аталган колдоо бир жолку техникалык жардам менен чектелет өсүмдүк өстүрүүчүлүктө, себүү жумуштарын аткарууда жана мал чарбачылыкта эпидемияга каршы иш чараларда. Тилекке каршы, айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү өстүрүү максатында кызыктыруу менен байланыштуу көйгөйлөр, дыйкандарга көрсөтүлгөн сервистик тейлөөлөрдүн санын жана сапатын өстүрүүдө, айыл чарба продукциясын кайра иштетүүдө жана сатууда, чындыгында мунун баары мамлекет тарабынан көңүлгө алынбай четте калды. Мамлекеттик жөнгө салуу агроөнөр жайдын күчсүз звеносу болуп экспорт жана импорт мамилелери эсептелинет, ал техникалык чийки заттын экспортунун бир тараптуу өсүүсүнө жана бөлөк тамак-аш продуктуларынын жана азык-түлүктөрдүн импортунун өсүшүнө алып келет, аларды өндүрүүдө мамлекетте бардык ылайыктуу шарттар бар болсо дагы. Айыл чарба өндүрүшүндө майда дыйкандык структура ички рынокто төмөнкү атандаштыкка алып келет, ал башка чоң тармактардын өндүрүшүнүн төмөндөшүнө алып келет. Тилеке каршы, продукцияларды импорттоо экспанциясынан аза чеккендерден кант өндүрүү бул жалгыз тармак эмес. Акыркы жылдары эттин импорттоо тенденциясынын өсүшү байкалат. 2018-жылы ички азык-түлүк рыногуна 5 миң тоннадан ашуун эт киргизилген. Бул чочуткан тенденция, жакынкы арада салт боюнча жана стратегиялык мааниси чоң айыл чарба продукциясынын маанилүү түрүнүн өндүрүүсү төмөндөп кетүүсүн көрсөтүүсү мүмкүн.

Көрсөтүлгөн максаттарга жетүү, ички экономикалык саясаттын иш чаралары менен камсыз болот, талаптардын жана сунуштардын өйдө-ылдый боло беришинен жетишиштүү экспорттук ресурстарды түзүүгө багытталган, өндүрүштүн чыгашалуу жана кирешелүү болуп өзгөрүшү, ошондой эле белгилүү ашыкчылыгын же бул ресурстардын дефицитин азайтуу, ички рынокту стабилдештирүү, сырткы рынокту пайдалуу конъюнктурасын колдоо. Ошентип, мамлекеттин улуттук коопсуздугунун стратегиясында, улуттук приоритеттердин программаларынын катарында экономикалык коопсуздугу менен түздөн-түз байланышкан долбоорлор да кирген, айрыкча экономиканын төмөнкү тармактарынын өнүгүшүнө багытталган: энергетика, тоо-кен байлыктары жана азык-түлүк [4].

Кыргыз эли дайыма табият менен аралаш жашагандыктан, жаратылышты эч убакта адамдан төмөн турат деп карашкан эмес. Баардык жандуу жана жансыз нерселер адам менен бирдей укукта, бизди курчап турган дүйнө, адамдын укугу канча болсо, алардын да укугу ошончо деп кабыл алышкан. Ошондуктан кыргыздардын жаратылышка болгон аяр мамилеси акырындан калыптанган. Кыргыз элинде жаратылыштын айрым бир жок болуп кетүү коркунучу туулган, дайыма коргоого, сактоого муктаж болгон жаныбарларды, же болбосо жаратылыштын кээ бир кооз жерлерин өзгөчө көңүл буруп карашкан. Кыргыз эли көчмөн эл катары жаратылыш менен коюндаш бирге жашаган элдерге кирген. Кыргыздар өздөрүн жаратылышка эч убакта кожоюн эмес, тескерисинче улуу жараткандын жаратылышынын койнунда жашаган бир мүчөсү катары караган. Айлана-чөйрөнү курчаган жандуу-жансыздын ар биринин жарыкчылыкта өз орду, өз укугу бар деп түшүнгөн. Адам укугун алардыкынан жогору койгон эмес. Жаратылыш ресурстарын пайдалануу азыркы эгемендүү көз карандысыз мамлекеттердин географиялык абалы, рыноктук мамилелеринин жакындыгы, бири-бирине болгон саясый кызыкчылыктарынын төп келүүсү сыяктуу жалпылыктарга ылайык ортобуздагы экономикалык ишкер байланыштарыбызды кайра калыбына келтирүүчү обьект катары каралуусу шарт.

Адабияттар:

1. Мусакожоев Ш. Современные проблемы экономики [Текст]: Учебник / Ш.Мусакожоев. / Кыргызский экономический университет. - Б., 2019. - 156 б.
2. Экономика Кыргызстана: Проблемы рационального использования природных ресурсов. / Отв. редактор академик Т. Койчуев. - Бишкек: Илим, 2018. - 221 с. (Серия изданий НАН КР по проблемам общественного развития суверенного Кыргызстана).
3. Арзыбаев А.А. Организационные и методические аспекты учета и аудита капитала. / Монограф. - Алматы, 2011. - 164 с.
4. Арзыбаев А.А. Современная система учета и анализа эффективности использования капитала. / Монограф. - Б.: «Электронная библиотека», 2018. - 260 с.
5. Коллектив авторов. Международные стандарты финансовой отчетности. – Б.: Изд. «Максприн», 2019. - 320 с.